**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛАСТЫ**
**СОКУЛУК РАЙОНУ**
**З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ**

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

12 - декабрь 2025-ж № 10/1 Чат-Кель айылы

**Максаттуу трансферттер жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-декабрындагы № 1087-т токтомуна ылайык, жергиликтүү бюджеттердин түшпөй калган кирешелеринин ордун толтурууга республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге максаттуу трансферттер түрүндө айыл чарба багытындагы жер салыгынын 2826,8 миң сом жана транспорт каражаттарына мүлк салыгы боюнча 1722,2 миң сом акча каражаты, баардыгы 4549,0 миң сом жөнүндө маалыматын, айылдык кенештин 29 чакырылышы угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2025-жылга республикалык бюджеттен максаттуу трансферт катары келип түшө турган, айыл чарба багытындагы жер салыгынын 2826,8 миң сом жана транспорт каражаттарына мүлк салыгы боюнча 1722,2 миң сом, баардыгы 4549,0 миң сом акча каражаты төмөнкү бөлүмгө жана беренеге бөлүштүрүлсүн:

**1) 70629 Турак жай-коммуналдык чарба бөлүмүнүн:**

- 3111 “Имараттар жана курулуштар” беренесине 200,0 миң сом;
- 3112 “Башка механизмдерди жана жабдууларды сатып алуу” беренесине 1000,0 миң сом;
- 2215 “Башка тейлөө кызматтарды алуу” беренесине 100,0 миң сом;
- 2214 “Бензин, дизелдик жана башка күйүүчү майлар” беренесине 73,0 миң сом;

**2) 70921 Мектеп бөлүмүнүн:**

- 3111 “Имараттар жана курулуштар” беренесине 420,0 миң сом;
- 3112 “Башка механизмдерди жана жабдууларды сатып алуу” беренесине 700,0 миң сом;
- 3112 “Эмерек сатып алуу” беренесине 2 000,0 миң сом;

**2) 71092 Социалдык коргоо бөлүмүнүн:**

- 2721 “Калкка жеңилдиктер жана жеңилдиктердин ордуна компенсация” беренесине 56,0 миң сом

**2.** З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Ч.С. Кулматова бул токтомду Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына мамлекеттик тилде каттоо жөнөтсүн.

**3.** Ушул токтомдун аткарылышын камсыздоо З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиевге жүктөлсүн.

**4.** Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин бюджет боюнча комиссиясынын төрайымы Ч.Т. Абдиевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Б. Ибраимов**